Кырг
83.8
Д 36

Талгат Деркембаев

# Сакчы аары ойгонгондо



Кырг
83.8
Д 36

Талгат Деркембаев

# Сакчы аары ойгонгондо

Сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай



РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Бишкек 2023



Жер көктөп, күн жылыды. Күнчубак бал челектин тешигинен кирип, Сакчы Аарыны кытыгылады.

– Тур. Короого жаз келди. Аарыларды ойгот, – деди.



– Катуу уктап калган турбаймынбы! Ой-ий, ушунчалык да уктайт экенбиз, ээ! – деп өзүнө-өзү таң калды аары.

– Ошону айтсаң! Жаз келгенде эң алгач сен ойгончу эмес белең, – деп Күнчубак күлмүңдөдү.

Сакчы аары шылдырап аккан булакка барып жуунду. Канаттарын тазалап, үстү-башын иретке келтирди. Кышы бою челектин оозун кайтарып жатып, кичине жүдөй түшүптүр. Күнчубак болсо анын жанында секирип ойноп коштоп жүрдү.





– Биздин уядагылар туура алты ай уктаган экенбиз. Көрсө, быйыл кыш катуу болуп, жаз кеч келген турбайбы. Аары туугандар Эне Аарыны ортого алып, бири-бирибизге жармашып уктайбыз. Бул ирет узак уктап калганыбызды карабайсыңбы. Негизи, эрте эле ойгонмокпуз.

– Кеч күздө кырда жашаган сугалак Сур Момолойдун үйүрү бал челегибизге кол салды. Ошондо тынч жаткан үйүбүзгө бүлүк түштү.

– Алардын бал челегиңерде эмне иши бар? Же катып койгон даныңар болбосо? Же чычкандар да бал жейби? – деп таңыркады Күнчубак.

– Жок. Алар биздин перга деп аталган даамдуу токочубузга көз артышат. Токочту жаз, жай ичи ар кайсы өсүмдүктөрдүн чаңчаларынан чогултабыз. Аларды жыгач кашектерге токулган алты бурчтуу момдун ичине толтурабыз. Балды да ошол момдун ичине куюп, сыртынан чаптап коёбуз.



– Анан чычкандар эмне болду? – деп Күнчубак чыдамы кете сурады.

– Чычкандар жыгач челекти курч тиштери менен кемире баштады. Биз күзөттө турганбыз. Ал күнү биз аябай коргондук. Уядагыларга дароо кабар бердик. Бардык сакчы аарылар дароо даяр болдук.





Эң кайраттуу аарылар дароо Эне Аарыны коргоп, аны ортого алышты. Калган аарылар да өз орундарына турушту.

Көк жыттанган чычкандар уянын ичине качырып келишти. Биз алардын мизин кайтардык. Чычкандардын алдыңкы сабында келаткан жаш чычкандар биздин каршы чабуулга чыдабай, чыга качышты.

Сыртта баарын башкарып турган Сур Момолой:

– Коркоктор, суу жүрөктөр, артка кайткыла! – деп качып бараткандарды токтотууга аракет кылды. Бирок жаш чычкандарды токтотууга мүмкүн эмес эле. Сур Момолой баш болгон өжөр чычкандар буга аябай намыстанышты.



Чычкандар:

– Ушуларга алыбыз жетпесе, кемирүүчү атыбыз өчсүн! – деп кыйкырышты. Алар ач айкырык салып, челектин ичине баш багышты.

Сур Момолой курч азуулары менен эки жыгач кашектеги азыгыбызды челип өттү. Анын артынан бир канча чычкан кирүүгө үлгүрдү.

Биз Сур Момолойду да челектен сүрүп чыгардык. Кол башчысынын абалын көргөн чычкандар челектен чыга качышты. Аарынын уусу оңой бекен! Бакылдап жаткан Сур Момолой артын карабай качты.



Ошондон кийин Сур Момолойдун эмне болгонун билбейбиз. Бирок кемирүүчүлөр биздин бал челекке кайра даап келе алышкан жок.

Биз кеч күздүн суук күнүндө бал челегибиздин тешик жерлерин мом менен жамадык. Тынчыбыз кетип, бир топко уктай албай жүрдүк. Ошондон улам уйкуга кеч кирбедикпи.



Ошентип, жүздөй сакчы аарылар кыш бою бал челектин оозун кайтарып жаттык. Сакчы аары болуу – сыймыктуу иш. Сакчылыкка аябай күчтүү аарылар тандалып алынат.



Биздин жумушубуз өтө көп. Кирген-чыккан аарылардын эсебин алабыз. Жумушчу аарылардын иштегенин көзөмөлдөйбүз. Анан бал челекке кол салган душмандардын сазайын беребиз.

Кой, досум, эртерээк барып бал челекти кайтаралы.

Сакчы аары менен Күнчубак кайрадан бал челекке келишти. Сакчы аары:

– Достор, ойгонгула!
Жадырап жаз келди.
Уябызды тазалайлы.
Кыштын камын көрөлү.
Жаратылышты
жандантaлы!
Өсүмдүктөрдү
чаңдаштыралы.
Чаңдашкан
өсүмдүктөрдөн мөмө
түйүлөт. Гүлдөн гүлгө
конуп, шире чогулталы,
– деди.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36874

Кыштан аман чыккан миң-сан аарылар челектен учуп чыгышты. Алар челекти айланып: “Баарыбыз бирөө үчүн, бирөөбүз баарыбыз үчүн жашайбыз!” – деген ырын ырдашты. Күнчубак башка бал челектеги сакчы аарыларды ойготууга жөнөдү.



36с
РБДЮ
36874 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
Талгат Деркембаев

*Сүрөтчү*
Таттыбүбү Ырысбай

Бул жана башка электрондук китептерди QR-код аркылуу окусаңыз болот.

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

Басууга 18.10.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 64х90 1/16.
Көлөмү 1,25 басма табак.
Нускасы 4705 даана.

ЖЧК «Глобал Принт» басмаканасында басылды.